# ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДА КЫРГЫЗСТАНДА ПЕДАГОГИКА ИЛИМИНИН ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

# ВОПРОСЫ РАЗВИТИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ НАУКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

***Мамытов А.***
***д.п.н., профессор***
***Кыргызская Академия Образования***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМДИН МАЗМУНДУК ЖАҢЫЛАНЫШЫ

## СОДЕРЖАТЕЛЬНОЕ ОБНОВЛЕНИЕ ОБЩЕГО СРЕДНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

***Аннотация:*** *Макалада Кыргыз Республикасындагы жалпы орто билим берүүнүн жаңы мазмунун аныктаган Базистик окуу пландын түзүлүшүнө, структуралык өзгөчөлүктөрүнө, долбоорду демилгелөө себептерине жана жаңылануу жаатында карманган методологиялык көз карашка мүнөздөмө берилет.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются структурные особенности нового Базисного учебного плана общего среднего образования в Кыргызской Республике и причины его обновления на новой методологической основе.*

***Annotation:*** *In this article the structural features of the new Basic teaching program of general secondary education in the Kyrgyz Republic and the reasons for its updates on a new methodological basis are considered.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *мамлекеттик билим берүү стандарты, Базистик окуу план, предметтик стандарт, билим берүүнүн натыйжасы, компетенттүүлүк, инварианттуу компонент, вариативдүү компонент.*

***Ключевые слова.*** *Государственный образовательный стандарт. Базисный учебный план, предметный стандарт, результат образования, компетентность, инвариантный компонент, вариативный компонент.*

***Key words:*** *State educational standard, Basic teaching program, subject standard, the result of education, competence, invariant component, variable component.*

Өлкөбүздөгү жалпы орто билим берүүнү илимий методикалык жактан камсыздоодо Кыргыз билим берүү академиясы негизги жумушту алып барат жана учурдагы анын өзгөчөлүгү принципиалдуу мазмундук жаңылоону сунуштоо менен мүнөздөлөт. Мазмундук жаңылануунун өзөгүн күтүлүүчү натыйжага багытталган билимдин структурасын, мазмунун, көлөмүн жана деңгээлин аныктоо, аларды жашоо-турмуш койгон талаптарга шайкеш келтирүү, ал эми билим берүүнүн жыйынтыгын объективдүү стандартташтырылган инструментарийлер менен көз карандысыз баалоо механизмин киргизүү идеялары түзөт. Аталган көз караш мамлекеттик билим берүү стандартын, базистик окуу планын, предметтик стандарттарды, окуу программаларын кайрадан иштеп чыгууну талап кылат. Бул укуктук-нормативдик жана программалык документтердин негизинде жаңы муундагы окуу-методикалык комплекстер жазылышы, жаңы муундагы продукция даярдалышы шарт. Билим берүү уюмдары жана окуучулар жаңы муундагы окуу-методикалык комплекстер менен толук камсыз болгондо мазмундук реформа жүргүзүүгө тийиштүү мүмкүнчүлүк пайда болот.

Укуктук-нормативдик өңүттөн караганда демилгеленген мазмундук жаңылануунун бир катар орчундуу базасы калыптанып калды. Кыргыз Өкмөтү 2014 жылы жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитти [1]. Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде Кыргыз билим берүү академиясы жана атайын түзүлгөн жумушчу топ жалпы орто билим берүүнүн Базистик окуу планынын иштеп чыгышты [2]. Аталган долбоор массалык маалымат каражаттарына жарыяланып, адистик чөйрөнүн сын пикирине коюлду, бир нече атайын уюштурулган коомдук талкуулар өткөрүлдү жана учурда тийиштүү предметтик стандарттарды иштеп чыгуу жаатында укуктук-нормативдик негиз катары колдонула баштады.

Мектеп билимин мазмундук жактан жаңылоо бир катар логистикалык жумушту ырааттуу уюштурууну, аларга теориялык билими терең, методикалык даярдыгы мыкты адистерди тартууну жана жетиштүү убакыт көлөмүн талап кылат. Мына ушул себептен Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү системасы учурда өз башынан өткөөл мезгилди кечирип жатат деп белгилесек орундуу болот. Башка сөз менен айтканда өткөөл мезгил адистик чөйрөдөгү түрдүү сын-пикир менен коштолоору жалпыга маалым.

Мына ушул себептен макаланын максатын Базистик окуу пландын жана предметтик стандарттардын долбоорлоруна мүнөздөмө берүү катары аныктоону туура деп чечтик.

Түпкүлүгү мектеп билиминдеги мазмундук жаңылануу 2011-2012 окуу жылынан баштап демилгеленип келүүдө. Анын алкагында башталгыч мектептеги билим мазмунун орчундуу өзгөртүлүп, жаңы муундагы окуу комплекстерин иштеп чыгуу жумушу колго алынган эле. Ошону менен бирге билим сапатын жакшыртуу алкагында жаңы муундагы окуу куралдары 1-3-класстардын окуучулары үчүн иштелип чыгып колдонууга берилди. Бирок түрдүү себептердин айынан 4-класстын окуучуларына сунушталуучу окуу-методикалык комплекстерди өз учурунда тандап алуу, тийиштүү экспертизадан жана апробациядан өткөрүү жумушу кадыресе кечиге баштады. Жаңы муундагы окуу куралдарын жазуу конкурс иретинде уюштурулганына, аларды иштеп чыгууга практик мугалимдер кеңири тартылгандыгына карабай адистик чөйрөдө жаңы муундагы китепке болгон олуттуу сын пикир кадыресе айтыла баштады. Бул жагдай окуу куралдарын даярдоодо бир топ системдүү проблемалар жана түшүнүксүз жагдайлар бар экендигинен кабар бере баштады. Анткени, окуу куралдарды тандап алууда, тийиштүү конкурстары уюштурууда, экспертиза, апробация жана окуу китептерин басмадан басып чыгарууда каржылык чыгымдардын басымдуу бөлүгүн эл аралык долбоорлор көтөрүп, алар кадыресе үстөмдүк саясаттын жүргүзө баштышты. Ошол эле учурда жалпы орто билим берүүнүн мазмундук жаңыланышы ырааттуу жана укуктук негизде уюштурулду деген бүтүм чыгаруу да мүмкүн эмес эле. Анткени саясий жана адистик чечкиндүүлүктүн жетишсиздиги, административдик чечимдердин убагында кабыл алынбашы бир топ баш аламандыкка алып келди. Толук кандуу мазмундук реформа негизги жана орто мектеп билиминде улантылбай, кээ бир тектеш предметтердин интеграцияланышы менен эле чектелип калды.

Абал 2014 жылы өкмөт кабыл алган билим берүүнүн жаңы стандарты жарыялангандан кийин оңоло баштады. Анткени мазмундук реформаны жүргүзүүгө жаңы методологиялык көз караштыколдонууга тийиштүү укуктук-нормативдик негиз пайда болду. Аталган документ кабыл алынгандан кийин мектеп билиминде колдонулуучу расмий документтердин номенклатурасы өзгөрдү. Биринчи жолу “предметтик стандарт” деген түшүнүктү жана тийиштүү мазмундук-нормативдик документти киргизүү менен коштолду. Предметтик стандарттын структурасы, мазмуну жана аларга коюлуучу талаптар такталды. Башка сөз менен айтканда жаңы муундагы окуу-пландоо документин иштеп чыгуу маселеси келип чыкты.

Мазмундук реформанын өзөгүн окуучунун компетенттүүлүгүн камсыз кылууну көздөгөн методологиялык көз караш түзөөрү расмий бекиди. Мурдагы мектеп билиминде негизги роль ойногон билимге, билгичтикке жана көндүмгө болгон басымды азайтуу, окутууну турмуш менен бекем байланышта жүргүзүүнү камсыз кылуу милдети аныкталды. Натыйжада жаңы базистик окуу планын, жаңы предметтик стандарттарды жана жаңы муундагы окуу комплекстерин иштеп чыгуу жана практикага киргизүү зарылдыгы келип чыкты. Бул абдан көп эмгекти жана убакытты талап кыла турган татаал проблема экендигин, мына ошол себептен билим берүү тармагында мазмундук реформаны өтө тез жүрбөй тургандыгын да баса белгилөө зарыл. Мурда аткарылган иш чаралардын уландысы катары 5-9-класстарга арналган предметтик стандарттарды иштеп чыгуу жумушу колго алынды. Ал эми мындан 4 жыл мурда сунушталган башталгыч мектептин мазмунуна алымча-кошумчаларды киргизүү зарылдыгы да пайда болду.

Мазмундук реформанын өзөгүн түзгөн Базистик окуу планын жаңылоо төмөндөгү себептер менен негизделди.

***Биринчиден,*** Өлкөбүздүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууга арналган атайын программа Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан бекитилип, аталган документте билим берүүгө коюлуучу актуалдуу талаптардын тизмеги аныкталды [3]. Алардын катарына “мектеп билиминин сапатын жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо”, “компетенттүүлүккө негизделген мектеп билиминин жаңы мазмунун камсыздоо” жана “билим берүү кызматынын сапатын аныктаган системдүү мониторинг жүргүзүү” маселелери камтылды. Аталган жагдай базистик окуу планды иштеп чыгууда жетектөөчү роль ойноду.

***Экинчиден***, Кыргыз Өкмөтү тарабынан кабыл алынган жалпы орто билимдин мамлекеттик стандарты окутуунун натыйжасы катары таанылуучу компетенциялар тобун аныктады. Алардын катарына метапредметтик натыйжа катары таанып-билүүчүлүк, коммуникативдик жана турмушта кездешүүчү проблемаларды чече билүү компетенциялары аныкталды. Ал эми ар бир окуу предметтин ички өзгөчөлүгүн, көздөгөн максатын жана милдеттүү түрдө өздөштүрүүгө сунуштаган мазмунунан келип чыккан компетенциялардын тобу предметтик компетенция катары белгиленди. Метапредметтик жана предметтик компетенциялардын калыптануу деңгээлдери, баалоо ыкмалары жана формалары такталды. Мектеп билиминде жети билим берүү аймагы аныкталып, алардын курамындагы предметтер-

дин тизмеги сунушталды. Алар тилдик, социалдык, математикалык, табигый-илимдик, технологиялык, искусство жана ден-соолук маданияты менен байланышкан билим берүү аймактары катары киргизилди. Жаңы стандартка ылайык базистик окуу планында эки компоненттин орун алышы шартталды. Алар мектептин тибине, менчик формасына карабай милдеттүү түрдө окутулуучу предметтердин санын, окутуу тартибин жана окуу жүктөмүн аныктаган инварианттуу компоненти жана тандоо иретинде аныкталуучу вариативдүү компонент катары биринчи жолу киргизилди. Вариативдүү компоненттин базистик окуу планда орун алышы мектепке жана окуучуга биринчи жолу тандоо укугун берди жана жеке умтулууга негизделген билим алуу траекториясын түптөөгө алгачкы шартты түздү. Мектеп билимин долборлоодо пландоо принциптерин кармануунун, өзгөчө системдүүлүк жана уланмалуулук принциптеринин талаптарын бекем кармануунун шарттады.

***Үчүнчүдөн,*** дүйнөлүк тажрыйбада орун алган мүнөздүү тенденциялар эске алынды. Алардын негизгиси катары билим берүүнүн эффективдүүлүгүн комплекстүү стандартташтырылган көз карандысыз эл аралык изилдөөлөр аркылуу бааланып келээри жана мындай изилдөөлөрдүн фокусу жакынкы келечекте олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болоору эске алынды. Сөз ЮНЕСКОнун мектеп билиминин натыйжасын баалоодо жогоруда белгиленген жети билим берүү аймагынын салымын жана натыйжасын аныктоого умтулушу, мындай сунушту дүйнөнүн 56 өлкөсү колдогондугу жана PISA сынагында бул жагдай эске алынаары тууралуу жүрүп жатат. Маанилүү ролду эл аралык баалоолордо мындан ары компьютердик тестирлөөгө басым жасалышы да ойноду. Мына ушул тенденцияларды эске алуу кыргыз билим берүү системасынын келечегин түптөөдө өз таасирин тийгизиши керек деген пикир карманылды.

Натыйжада жалпы орто билим берүүнүн базистик окуу планында биричи жолу жогоруда аталган жети билим берүү аймактарына тийиштүү предметтер 1-класстан 11-класска чейин киргизилди. Анткени, биздин тажрыйбада абдан көп предметтер окутулуп келгендигине карабастан, кээ бир билим берүү аймактары мектеп билиминдеги баскычтарда толук орун албай келген. Мисалы, мурда колдонулуп келген базистик окуу планда технологиялык билим аймагына тийешелүү предметтер башталгыч класстарда жана 10-11-класстарда каралган эмес эле. Ушундай эле абал искусство менен байланышкан билим аймагында да орун алып, тийиштүү предметтер 1-7-класстарда гана окутулуп келген эле. Мына ушул жагдайлар оңдолду. Жаңы долбоордун бирден бир өзгөчөлүгү мектеп билиминдеги жети билим берүү аймагын 1-11-класска чейин толук кандуу отургузуу ишке ашырылгандыгында. Демек, бул сааттарды кайра бөлүү жана express такто деген проблемага барып такалды. Ушул өңүттөн караганда конкреттүү предметтерге чектелген окуу сааттары кыскартууга дуушар болду. Бирок, окуу жүктөмүнүн жылдык көлөмү кыскартылган жок.

Базистик окуу планды долборлоодо тектеш предметтерди интеграциялоо жумушу улантылды. Жаңыланган мазмунду так чагылдырган жаңы аталыштагы предметтер аныкталды. Алардын катарына “Адам жана коом” (“Жаран таануу”, “Адеп” предметтеринин ордуна), “Технология” (“Эмгек, черчение” предметтеринин ордуна), “Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы” (“Кыргызстандын тарыхы”, “Дүйнө тарыхы” предметтеринин ордуна) ж.б. предметтер киргизилди.

Башталгыч мектепте 10 предмет окутулса, мындан ары 9 предмет окутуу каралды. Алардын арасында жаңы аталышта жана мазмунда берилген предметтер (“Табият таануу”, “Адам жана коом” жана “Технология”) орун алды. Башталгыч класстарда инварианттык компонент жумасына 19 (1-класс), 20 (2-класс) жана 22 саат (3-4-класстар), ал эми вариативдүү компонент 2 (1-3-класстарда) жана 3 саат (4-класс) көлөмүндө сунушталды. Негизги мектепте 22 предмет окутулса, мындан ары 17 предметти окутуу долбоорлонду. Жаңы аталыштагы жана мазмундагы предметтердин катарына интеграцияланган “Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы” (мурда 2 башка предмет эле), “Адам жана коом” , “Технология” (эмгек, черчение, дизайн), “Информатика” предметтери кирди. Турмуш тиричилик коопсуздугу предмети жоюлуп, анын мазмунун табигый илимдер жана физкультура предметтерине интеграциялануууга сунушталды. Негизги мектептеги инварианттык компонент 25 сааттан (5-класс) 28 саатка чейин (6-7-8 жана 9-класстар), ал эми вариативдүү компонент 1 сааттан (5-6-класстар) 4 саатка чейин (9-класс) каралды. Орто мектепте окутулуучу предметтердин жалпы саны (16) өзгөртүүгө дуушар болгон жок. Ал эми жаңы аталыштагы жана мазмундагы предметтердин катарын “Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхы”, “адам жана коом”, “технология предметтери түздү. Инварианттуу компонент 10 класста 27 саат, 11-класста 28 саат көлөмүндө, ал эми вариативдүү компонент 10-класста 2 саат, 11-класста 2 саат көлөмүндө аныкталды.

Натыйжада билим берүү баскычтарындагы жылдык окуу жүктөмүнүн көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй өзгөртүлдү: башталгыч класстарда инварианттык компонент 2822, 5-9-класстарда – 4658 жана 10-11-класстарда 1870 саат көлөмүндө

аныкталды. Ал эми вариативдик компонент баштапгыч класстарда - 272, орто класстарда – 340 жана жогорку класстарда -136 саат көлөмүндө долбоорлонду. Жалпы орто билим берүүдө жалпысынан 10098 саат пландалса, анын 9350 сааты инвариативдүү, ал эми 748 сааты вариативдүү негизде сунушталды. Базистик окуу планында билим берүү уюмдарынын окуучуларга акы төлөп кызмат көрсөтүү сааттары да биринчи ирет так аныкталды. Мындай кызмат көрсөтүүнүн жогорку чеги башталгыч мектепте 102, негизги мектепте 544 жана жалпы орто билим берүү мектебинде 204 саат көлөмүндө чектелди.

Жаңы кабыл алынган билим берүү стандарты жана Базистик окуу планы мурдагы тажрыйбадан бир топ айырмаланат. Эгерде буга чейин бардык окуу сааттар толугу менен мамлекет тарабынан аныкталып, анын мазмуну иштелип чыгып жана милдеттүү түрдө аткарылып келсе, жаңы көз карашка ылайык бул маселе мындан ары инварианттык жана вариативдик компоненттерге бөлүнүшү каралды. Башка сөз менен айтканда, базистик окуу планда мамлекет милдеттүү окуткан, мектеп жамааты сунуштаган жана окуучу тандап алууга ылайыкталган предметтерден турааары киргизилди. Бул абдан принципиалдуу жана жаңы жагдай экендигин эстен чыгарбоо зарыл.

Мазмундук реформанын биринчи кадамдары мектеп билим берүү стандартын жана Базистик окуу планын иштеп чыгуу болсо, кийинки кадамдары предметтик стандарттарды иштеп чыгуу, жаңы муундагы окуу методикалык комплекстерди түзүү менен байланышат. Бул маселе бир гана билим берүү академиясынын потенциалы аркылуу чечилбеши шарт. Ага тажрыйбалуу, жаңычыл көз карашты карманган илимпоз адистер, методистер, мектеп мугалимдери тартылды. Ал эми билим берүү академиясына жумушчу топтордун ишмердүүлүгүн координациялоо, предметтик стандарттарга коюлуучу бирдиктүү талаптарды кармануу, илимий-методикалык талкууга алуу вазийпасы тапшырылды. Бул жумуш Дүйнөлүк банктын жардамы менен үстүбүздөгү жылдын март айында башталып, сентябрь айында аягына чыгышы күтүлүүдө.

Предметтик стандарттар тийиштүү билим берүү аймактарынын ядролук баалуулуктарын эске алуу менен ар бир предметтин көздөгөн максатын, карманган мазмундук линиясын турмуштук муктаждыкка карата ревизиялоонун негизинде иштеле баштады. Учурда 8 предметтин стандарттары тийиштүү экспертизадан өттү жана Кыргыз Билим берүү академиясынын окмуштуулар кеңеши тарабынан жактырылды [4]. Предметтик стандарттар толук иштелип чыккан соң (бардыгы 17) жаңы муундагы окуу программалары, окуу китептери, методикалык көрсөтмөлөрдү даярдоо өнөктүгү башталат. Окуу китептеринин кол жазмалары билим берүү жана илим министрлиги тарабынан конкурстук негизде тандалып алынат. Академиянын окмуштуулар кеңеши илимий-методикалык экспертизадан өткөрөт жана жактырылган кол жазма чектелүү тираж менен басылып чыгат. Базалык мектептер тандалып алынат жана 2016-2017 окуу жылында тийиштүү окуу китептерин апробациядан өткөрүү пландалууда.

Апробациянын негизги максаты окуу куралдарынын мазмуну боюнча практик-мугалимдер тарабынан сын-пикирди топтоо, аларды анализдөө жана тийиштүү алымча-кошумчаларды киргизүү болуп саналат. Мына ушундай процедураны толук өткөн окуу-методикалык комплекстер массалык тираж менен басып чыгууга сунушталат, билим берүү уюмдарына колдонууга жөнөтүлөт жана жалпы орто билим берүүнүн мазмундук жаңылануусунун бирден бир негизги шарты катары таанылат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014 жылдын 21 июлундагы № 403 токтому менен бекитилген.

2. “Кутбилим” Базистик окуу пландын долбоору. Март, 2015 жыл.

3. Программа по переходу Кыргызской Республики к устойчивому развитию на 2013-2017 гг. Утв. Постановлением Жогорку Кенеша Кыргызской Республики от 18-декабря 2013 года № 3694-V

4. Постановление Ученого совета КАО “О проектах предметных стандартов школьного образования” от 24-августа 2015 года.